**УДК: 070**

**СОВЕТ КЫЗЫ АЙСУЛУУ**
Ж.Баласагын атындагы КУУ, Бишкек

**SOVET KYZY AISULUU**
J. Balasagyn KNU, Bishkek
Suluuai@mail.ru

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ММКЫНДА ЧАГЫЛДЫРЫЛГАН БАЛДАР МАСЕЛЕСИНИН АКТУАЛДУУЛУГУ

Актуальность освещения в СМИ проблем ребенка в Кыргызстане

Actuality of articles about children issues in Kyrgyz media

Макалада Кыргызстандагы балдар укугунун сакталышы, балдарга жана өспүрүмдөргө тиешелүү маселелердин актуалдуулугу, аларга карата зордук-зомбулуктун күчөшү тууралуу ЖМКда жарыяланган макалалар, алардын тематикалык ар түрдүүлүгү каралды. Балдар тууралуу материал даярдоодо сакталуучу негизги эрежелер, мыйзамдар тууралуу дагы маалымат берилди.

**Урунтту сөздөр**: балдар укугу, мигранттардын балдары, ата-эне милдеттери, балдарга зомбулук, балдар өлүмү.

В данной статье рассмотрены вопросы освещения в СМИ прав ребенка в Кыргызстане. В последнее время дети мигрантов особенно уязвимы перед насилием, жестоким обращением, остаются и без надзора. Некоторые СМИ Кыргызстана регулярно готовят материалы по проблемам детей, распостраняют информацию по данной теме. В последнее время актуальной становятся также материалы по насилию, жестокому обращению в отношении детей.

**Ключевые слова**: права ребенка, дети мигрантов, обязанности родителей, жестокое обращение, смерть ребенка

This article deals with the media coverage issues of articles about child rights in Kyrgyzstan. Recent time’s children of migrants are especially vulnerable to violence, mistreatment and neglect. Some media of Kyrgyzstan prepare materials about problems of children regularly; some of them spread information upon receipt. As well as, nowadays the materials about violence, mistreatment become actual.

**Keywords**: child right, children of migrants, duties of parents, mistreatment, death of child.

Бүгүнкү күндө коомчулуктун алдында турган эң актуалдуу жана маанилүү маселелердин бири балдарга жеткиликтүү таалим-тарбия берүү жана балдардын укугун коргоо маселеси болуп саналат. Кыргызстан мыйзамдарына ылайык, 18ге толо элек жарандар бала, өспүрүм катары эсептелет. Бала туулганынан тарта улуулардай эле укуктарга ээ болгондугуна карабай ата-энесинин социалдык абалына, жергиликтүү жашоо-шартка көз каранды жашоо кечиришип, алардын укуктары тиешелүү деңгээлде корголбой келет.

Учурда Кыргызстанда балдардын укугунун тебелениши, аларга камкордуктун, жашоо коопсуздугунунун жоктугу, бала тарбиялоодогу калпыстыктар, жоопкерчиликсиз ата-энелердин көбөйүшү күчөгөнүн ЖМКга жарыяланган материалдар тастыктап турат.

Азыркы учурда Улуттук статистикалык комитеттин маалыматына караганда, Кыргызстанда 18 жашка чейинки 2 миллион 300 дөн ашык бала жашайт. Алардын 51 пайызы эркек бала. Ал эми 7 жашка чейинки балдардын саны 1 миллион 75 миңге чукул, 7-14 жаштагылары 946 миң, ал эми 15-17 жаш аралыгындагы 291 миң бала бар. Балдардын 69 пайызы айыл жергесинде жашайт. 2018-жылыбалдардын саны 49 миңгекөбөйгөн..Учурда Кыргызстандагы интернаттарда 11 миң 422 бала тарбияланат, булардын 5% томолой, калганы тирүүлөй жетим [4,77]. Иликтөөгө ылайык, тирүүлөй жетимдердин көбөйүшүнө өлкөдөгү турмуш-шарттын оордугу, миграция, ата-эне жоопкерчилигине кош көңүл кароо себеп болууда.

Расмий маалыматтар боюнча бүгүнкү күнү 750 миңден ашык кыргызстандык чет жерде иштеп жүрсө, алардын 259 миң баласы Кыргызстанда калган [4,54]. Учурда UNICEF менен Кыргыз өкмөтү мигранттардын балдарын коргоого багытталган мыйзам долбоорун сунуштап жатат. Бул жагдай боюнча “Супер-инфо” газетасы, “Sputnik Кыргызстан”, “Кабар”, “24кж” агенттиктери жана КТРКнын “Алатоо24”, “Коомдук биринчи” каналдары, Биринчи радиосу, “Азаттык” медиамекемеси, НТС, NewTV, “Апрель” ж.б.у.с. ЖМК аркылуу аталган документте жазылган шарт-талаптарды түшүндүрүү иштери жүрдү. Бул мыйзамда төмөнкү жагдайлар каралган:

— Биринчиден, чет өлкөгө кетип жаткан ата-эне кызын же уулун таштап жаткан кишиге ишеним кат жазып, документти жергиликтүү бийли

к органында каттатышы керек. Туугандарына таштап кеткен күндө дагы ишеним кат жазып кетүүсү зарыл. Бул документ аркылуу мамлекет ал үй-бүлөдө баланын кандай жашап жаткандыгын билип турат;

— Экинчиден, ата-эне үч жашка чейинки баласын үч айдан ашык убакытка таштап кете албай калат. Эгер балдар чоңураак болсо, анда жарым жылга чейин узарат. Ишеним каттын мөөнөтүн алыста туруп эле узартса болот. Бирок, эгер ата-эне барган өлкөсүндө көпкө чейин кала турган болуп, балдарын алып кете албаса, башка бүлөгө камкордукка өткөрүп бериши зарыл [3, 12].

Кыргызстанда жумушсуздук маселесинен улам жакынкы жана алыскы мамлекеттерге иш издеп кеткен адамдардын саны жыл сайын көбөйүүдө. Миграция маселеси үй-бүлөнүн материалдык маселесин убактылуу чечкени менен, үй-бүлө и нститутуна, үй-бүлөлүк баалуулуктарга, балдардын коопсуздугуна тескери таасир берген социалдык маселелерди жайылтты. Алардын кесепети уланып отуруп, мамлекетти дагы оор жагдайга кептейт деген коркунуч жок эмес. Миграциянын терс таасирлери жаш балдарга дагы күчтүү болууда. Чет жакка иштеп кеткен үй-бүлөлүү мигранттар көпчүлүк учурда балдарын туугандарына, ата-энесине, кээде жөн гана тааныштарына деле таштап коюуда. Бирок ишенип таштаган адамдар балдарды канчалык карайт? Мигранттардын балдарына байланыштуу акыркы учурда коомдо катталган окуялар үрөй учурууда. Буга далил катары жакында эле катталган жана газеталарга, телерадиоканалдарга, маалымат сайттарына жарыяланган эки-үч окуяны мисал келтире кетели:

2018-жылдын 23-декабрында Ысык-Көл облусуна караштуу Жети-Өгүз райондук ооруканасына денесинде көгала тактары бар наристе түшкөнү маалымдалган. Бир нече убактан кийин бала эсине келбей, реанимация бөлүмүндө чарчап калган. Суракка алынган 40 жаштагы аял баланы ага сиңдиси таштап кеткенин айтып, наристе шымына сийип койгону үчүн чыбык менен чаап, чымчып койгонун моюндаган. Кийинчерээк Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги наристенин үй-бүлөсү тууралуу билдирүү таратып, 21 жаштагы апасы уулун таякесине таштап Россияга иштегени кеткенин жана баланын атасы ким экени белгисиз экенин айткан [2, 2].

Ушуга эле окшош окуя 28-ноябрь күнү Бишкекте да катталган. Анда эки жаштагы бала ооруканага оор абалда түшүп, кийинчарчап калган. Бул наристенин энеси да акча табыш үчүн мигрант болуп, баласын курбусуна таштап кеткен. Дос кызы көрсөтмө берип жатып, наристеге кол көтөрбөгөнүн, ал өзү эки кабаттуу керебеттен кулап кеткенин билдирген. Каза болгон баланын апасы курбу кызына арыз жазуудан баштарткан [2,2].

Жумгалдагы 47 жаштагы аял жана анын эки небереси өлтүрүлүп, өрттөлгөн окуя да көпчүлүктүн ичиркентти. Нарын ОИИБ маалымат катчысы Медина Султаналиеванын айтымында, эки баланын апасы жумуштары менен Бишкекке кетип, чүрпөлөрүн апасына таштап кеткен.

“Sputnik Кыргызстан” агенттиги акыркы жылдары Кыргызстанда балдарга карата зордук-зомбулук боюнча жети мисалды эске салган. Алар:

1. 2013-жылдын март айы. Жалал-Абад облусунун 1,5 жаштагы тургуну Раяна өгөй атасынын зордук-зомбулугуна кабылган. Улам ыйлай берген наристени "сооротуш" үчүн апасынын күйөөсү башын ысык мешке тыгып, оттун үстүнө отургузган. Дагы бир нече күндөн кийин үйүнө мас келген өгөй ата ыйлап аткан кызын антенна менен сабап, эки жолу жакка чаап жиберген. Ошол убакта эсин жоготуп койгон наристе эсине келбеген бойдон чарчап калган. Өгөй ата өлүп калган наристени эчкимге айтпай көөмп койгон.

2. 2013-жылдын октябрь айы. Ак-Суу районунда жашаган эки жашар Диана булганып калган шымы үчүн сабалган. Таяктынуусуна чыдайалбаган наристе комага түшүп калган.Анын жашоосу үчүн күрөшкөн дарыгерлер кичинекей денесиндеги көп сандаган сыныктарды, уюган канды көрүп таң калышкан. Наристе эс-учуна келбеген бойдон көз жумган.

3. 2014-жылдын август айы. Орловка шаары. "Сүйүктүү жар, мээримдүү эне жана үлгүлүү адам…" Кошуналары менен достору ал аялды ушинтип сүрөттөшкүн. Бирок анын депрессияда жүргөнүн эч ким билген эмес. Ошентип "мээримдүү" эне биринчи уулун муунтуп, экинчисин сууга чөктүрүп, бир заматта киши өлтүргүчкө айланган. Эмнеге деп сурашканда, "кыйкырып-өкүрүп ойношту" деп жооп берген.

4. 2015-жылдын февраль айы. Бишкектик мугалим өзүнүн Чыңгыз аттуу уулун жана Нурайым аттуу уулун бычактап салган. Аял балдары кийимин булгап алганына жини келип, ушундай кадамга барганын билдирген.

5. 2015-жылдын январь айы. Озерное айылынын кичинекей тургуну, эки жаштагы Ибрагим оор абалда ооруканага түшкөн. Катуу сабалган баланы зордуктап, денесине

чылым басышкан деген божомолдор айтылган. Баланы "баккан" атасынын бир тууганы өмүр бою эркинен ажыратылып, жеңеси 15 жылга соттолгон.

6. 2015-жылдын декабрь айы. Каракол шаарында жашаган үч балалуу үй-бүлө. Эртең менен уулуларын мектепке, кичүү кызын балдар бакчасына жеткирген ата-эне үйүнө кеч кайтышкан. Үйгө кирери менен жымжырттыкка таң калган атасы уктоочу бөлмөгө барып, өлтүрүлгөн кызы менен араң дем алып жаткан уулун таап алган. Бактыга жараша, дарыгерлер баланы сактап калышкан. Кийин балдарга бир тууган таякеси жездесинен өч алуу максатында кол салганы белгилүү болгон. Ал Бишкекке качып кеткенине карабай, милициянын колуна түшүп, өмүр бою эркинен ажыратылган.

7. 2017-жылдын декабрь айы. Интернетте кызыл куртка кийген адам өзүнүн жерге кулап кеткен кичине баласын ичке тепкен видео тараган. Кийин ал адам Мамкаттоо кызматында иштей турганы белгилүү болгон. Ага карата кылмыш иши козголуп, бирок баланын энеси жолдошуна доосу жок экенин билдирген. Сот ишти жабык деп жарыялаганы менен акыйкатчы чечимди кайра карап чыгууну талап кылып келет [2, 3].

Ушул сыяктуу окуялар азыр ар бир ЖМКда орун алат. Балдарга карата зордук-зомбулуктун болушу, педофилиянын күчөшү, жол кырсыгында каза болгон балдар, мектептердеги “рэкетчилик” ж.б.у.с. терс маанайдагы окуялар өз убагында массага жеткирилүүдө. Аларды жарыялоодо ЖМК кайсы бир эрежелерди эске алышы дагы шарт. журналист балдар тууралу материал даярдоодо этикалык эрежелерди бекем сактоого тийиш. Баладан маалымат же интервью алабы, сүрөткө тартабы – журналист биринчи орунга баланын кызыкчылыгын коюп, андан кийин гана өз максатын улашы керек. Биринчиден, бала тууралуу анын ата-энеси же аны асырап алгандар уруксат бергенде гана материал жасайбыз. Дээрлик бардык кодекстерде өзгөчө кырсыктарга же кылмыш иштерине байланышкан материал даярдоодо балдардын аты-жөнүн атабоого, алардын сүрөттөрүн жана таанытa турган жагдайларды чыгарбоого кеңеш берилет [1,16].

Кыргызстан журналистинин Этикалык кодексинде: - “Балдарга байланышкан маселелерди чагылдырууга журналист бөтөнчө этият болушу шарт. Бойго жете электердин жеке жашоосун чагылдыруу үчүн журналистте жана редактордо жүйөөлүү негиз жана балдардын ата-энесинин, асырап алгандардын же мыйзамдуу өкүлдөрүнүн макулдугу болушу керек. Зомбулук окуяларга аралашкан, мыйзамсыз аракеттерге байланышы бар балдардын аттарын (же аларды таанууга мүмкүндүк берген белгилерин) жарыялоого жол берилбейт”, - деп жазылган [3,71]. ЖМКларга жарыяланган балдар тууралуу материалдар алардын келечегине залакасын тийгизиши мүмкүн экенин журналист ар дайым эсине тутууга тийиш. Кылмышкер же курмандыкка кабылган балдар тууралу материалдар ЖМКларда көпчүлүктүн бүйүрүн кызыткан темалардан саналат. Бирок сенсация кубалап, баланын укугун бузууга жол берилбейт. Кыргызстан ЖМКларында бул эрежелер көп учурда сакталбайт. Уурулук кылып колго түшкөн, же бири-бирин урган, кырсыктан же оорудан жабыр тарткан өспүрүмдөрдүн сүрөттөрүн гезит беттеринен, маалымат сайттарынан көрүп эле жүрөбүз.

Жыйынтыктап айтканда, Кыргызстанда массаны маалымат менен камсыздап жаткан

газета-журналдар, радио, телеканалдар менен маалымат агенттиктери, сайттары балдар темасына стабилдүү атайын кайрылышпайт. Айрымдарында мисалы, Кыргызстандын эң

көп тираждуу делген “Супер-инфо” газетасында балдар жана өспүрүмдөргө арналган атайын “Бал-балакай” бетинде тарбиялык, агартуучулук багыттагы материалдар, кызыктуу окуялар, жомоктор туруктуу жарыяланып турат. Ошондой эле, КТРКнын “Балдар ФМ” радиоканалы менен “Баластан” телеканалы дагы балдарга тиешелүү багыттарды камтып, аудиторияга пайдалуу материалдарды сунуштап иш алып барууда. Ал эми башка ЖМКларда жаңылыктын келип чыгышына карата жарыяланып турат. Тилекке каршы, андай маалыматтардын арасында балдардын катышуусундагы кырсыктар, аларга карата зордук-зомбулук ж.б.у.с. кайгылуу окуялар басымдуулук кылат.

Пайдаланылган булактардын тизмеси

1. Балдардын укуктары жөнүндө Конвенция, Бишкек, 1989.

2. Баласын таштап чет өлкөгө кетип жаткан ата-эне үчүн жаңы мыйзам.,www.sputnik.kg,

01.02.19.

3. Жумагулов С. Журналистикага жол., Бишкек, 2015 – 116б.

4. Занятость и безработица. Ежеквартальный бюллетень. Бишкек, 2018.04

5. Кыргыз Республикасынын балдар жөнүндө кодекси. Бишкек, 2006.

Рецензенттер: Стамалиева Г.М. – филология илиминин кандидаты, КТУ “Манас” доценти

Акматова В.С. - филология илиминин кандидаты, И.Арабаев атындагы КМУнун доценти